**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Толекан Асаналиевна Исмаилованын жана Бермет Темиркуловна Борубаеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 19-январындагы аныктамасына даттануусу боюнча

**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 5-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Б.К Мырзаканованын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Т.А. Исмаилованын жана Б.Т. Борубаеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 19-январындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Т.А. Исмаилованын жана Б.Т. Борубаеванын өтүнүчү боюнча даттанууда келтирген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып,

судья-баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 23-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.А. Исмаилованын жана Б.Т. Борубаеванын “Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмүндөгү экинчи жолу колдонулган “жана” байламтасын, ошондой эле 15-беренесинин 2-бөлүгүндөгү “төмөнкүлөрдү” деген сөз Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 39-беренесине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээлеринин жүйөлөрүнөн белгилүү болгондой Бишкек шаарынын Биринчи май районунун аймагында узак убакыттан бери тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө чечимдер үзгүлтүксүз кабыл алынып келет. Арыз ээлеринин ырастоосу боюнча, Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май району боюнча муниципалдык администрациясы (мындан ары – муниципалдык администрация) мезгил-мезгили менен тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу тууралуу жогорудагыга окшош чечимдерди кабыл алып келет жана мындай чечимдердин мыйзамдуулугун текшерүү жөнүндө арыздар менен Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотуна кайрылышат, алар соттор тарабынан канааттандырылат.

Арыз ээлери 2025-жылдын 15-июлунда муниципалдык администрацияга 2025-жылдын 17-июлунда тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө кабарлама жөнөткөндүгүн көрсөтүшкөн. Бирок, бул чогулушту өткөрүү аракеттери, андан мурда Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту тарабынан Мыйзамдын 14-15-беренелеринин негизинде тынч чогулуштарды өткөрүүгө чектөө коюу тууралуу чечим кабыл алынгандыгына байланыштуу, ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан токтотулган.

Арыз ээлеринин пикири боюнча, соттор тарабынан Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүндөгү ченемди чечмелөөдө андагы экинчи “жана” байламтасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кабарлоо берилген конкреттүү чогулушка гана эмес, ведомствого караштуу аймактагы ар кандай тынч чогулуштарга белгисиз мөөнөткө чектөө коюуга же тыюу салууга укук берүүчү ыйгарым укук катары чечмеленет. Конкреттүү чогулушка гана тыюу салуу жана мыйзамда каралган негиздердин бар экендиги жөнүндө жоболорду байланыштырган бириктирүүчү “жана” байламтасы соттор тарабынан чогулушту өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө чечимдерди жалпы негиздер бар болгондо — аларды конкреттүү иш-чара менен байланыштырбастан кабыл алууга жол берет катары чечмеленет. Өз жүйөлөрүн тастыктоо үчүн арыз ээлери муниципалдык администрациянын кабыл алган чечимдеринин мыйзамдуулугун тастыктаган райондук, шаардык жана Жогорку соттордун соттук актыларына шилтеме жасашкан.

Арыз ээлеринин пикири боюнча Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүн чечмелөөгө карата укук колдонуудагы калыптанган мамиле белгилүү бир аймакта ар кандай чогулуштарды өткөрүүгө жалпы алдын алуучу тыюу салууну белгилөөгө мүмкүндүк берет, бул Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдеринин контекстинде колдонулуучу Конституциянын 39-беренесинин 1-бөлүгүнө, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 21-беренесине карама-каршы келет, алар тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине укукту чектөөгө мыйзамга негизделгенде, мыйзамдуу максатты көздөгөндө жана бул максатка өлчөмдөш болгондо гана жол берүүнү караштырат.

Арыз ээлери ошондой эле өз өтүнүчүндө Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгүндө камтылган өзүнчө ченемдик элементтин, атап айтканда “төмөнкүлөрдү” деген сөздүн конституциялуулугун текшерүү маселесин коюшкан. Арыз ээлеринин пикири боюнча, көрсөтүлгөн ченемдин контекстинде бул сөздү колдонуу тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу үчүн мыйзамда каралган негиздердин мазмунун кеңейтет, муну менен укук

колдонуучу органдар тарабынан аларды өзүм билемдик менен чечмелөөгө жана колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Мындай жагдай, арыз ээлеринин пикири боюнча, укуктук аныктыктын жана укуктук жөнгө салуунун алдын ала болжолдуулугунун талаптарына жооп бербейт, Конституциянын 55-беренесинин контекстинде колдонулуучу Конституциянын 39-беренесин, демократиялык коомдо тынч чогулуштарга карата ар кандай жалпы чектөөлөрдүн жол берилбестиги презумпциясын караган жана чектөөлөр толук мүнөздө болуп, кеңири чечмелөөгө жана конституциялык кепилдиктердин маңызын кемитүүгө жол берилбестикти караган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 21-беренесин жана БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин №37 Жалпы тартиптеги эскертүүлөрүн бузат.

Жогору баяндалгандардын негизинде, арыз ээлери Мыйзамдын талашылып жаткан жоболору укук колдонуу практикасында аларга берилген мааниде Конституциянын 39-беренесинде бекитилген тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигинин конституциялык кепилдигине карама-каршы келет деп эсептешет жана аларды конституциялык эмес деп таанууну суранышкан.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы өзүнүн 2026-жылдын 19-январындагы аныктамасы менен Т.А. Исмаилованын жана Б.Т. Борубаеванын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн мыйзамда каралган талаптардын сакталышы, атап айтканда кайрылууда талашылып жаткан ченемдердин жөнгө салуучу таасири Конституцияда бекитилген адамдын жана жарандын кепилденген укуктары менен эркиндиктерин кандайча бузгандыгын күбөлөндүргөн ынанымдуу укуктук жүйөлөрдүн болушу зарыл экендигин белгилеген.

Кайрылуунун мазмунуна ылайык, судьялар коллегиясынын пикири боюнча, арыз ээлери иш жүзүндө Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик мазмунун эмес, ушул

ченемдердин айрым түзүмдүк элементтеринин (“жана” байламтасы, “төмөндөгүлөр” сөзү) лингвистикалык чечмелениши боюнча күмөндүүлүк маселесин коюшат. Мында арыз ээлери өз жүйөлөрүн көбүнесе көрсөтүлгөн тилдик конструкцияларды өздөрүнүн грамматикалык интерпретациялоосуна негиздешет жана ушунун негизинде аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан колдонуунун мыйзамсыз экендиги жөнүндө тыянак чыгарышат.

Судьялар коллегиясы арыз ээлеринин бир укуктук ченемде камтылган эки жобону иш жүзүндө бир-бирине каршы коюп, аларды өз алдынча жөнгө салуучу көрсөтмөлөр катары карап, муну менен тиешелүү ченемдин бирдиктүү ченемдик маанисин жасалма түрдө бөлгөнүн көрсөткөн. Судьялар коллегиясынын пикири боюнча, лингвистикалык-грамматикалык талдоо жүргүзүүдө да талашылып жаткан жободогу “жана” байламтасы бириктирүүчү (кумулятивдик) функцияны аткарып, бир эле аракеттин эки бир тектүү жагдайын бириктирет жана альтернативдүү чечмелөөнү болжолдобойт.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы арыз ээлеринин позициясынын карама-каршылыктуулугуна көңүл бурган, алар бир жагынан “жана” байламтасынын болушунда аныксыздыкты көрүшөт, ал эми экинчи жагынан анын жогунда тиешелүү ченем конституциялык жоболорго жана Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине шайкеш келет деп эсептелиши мүмкүн экенин мойнуна алышат.

Арыз ээлеринин “төмөндөгүлөрдү” деген сөздүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жүйөлөрүнө карата судьялар коллегиясы кайрылуунун бул бөлүгүндөгү аргументтөөсү көбүнчө ченемдик мүнөзгө ээ болбогон адабий тексттерге колдонулуучу чечмелөөнүн лингвистикалык эрежелерине негизделгенин белгилеген. Муну менен бирге, укуктук ченем биринчи кезекте анын ченемдик мазмуну жана укуктук жөнгө салуу максаттары көз карашынан чечмеленүүгө тийиш. Судьялар коллегиясынын пикири боюнча, каралып жаткан жободо “төмөндөгүлөр” сөзүн колдонуу мыйзам

чыгаруучунун ченемге зарыл болгон укуктук тактыкты жана аныктыкты берүүгө умтулуусу менен шартталган жана чектөөлөрдү кеңири чечмелөө үчүн мүмкүнчүлүк түзүүнү караштырган эмес.

Судьялар коллегиясы, ошондой эле арыз ээлеринин ченемдин талашылып жаткан элементтерин алар сунуш кылган лингвистикалык түшүнүүгө негизделген укук колдонуу практикасынын бар экендиги жөнүндө ырастоолору, субъективдүү мүнөзгө ээ экендигине жана конституциялык-укуктук көйгөйдүн бар экендигин тастыктабай тургандыгына көрсөткөн. Тилдик интерпретациялоодогу айырмачылык өзүнчө алганда Мыйзамдын ченемдеринин конституциялык эместигин күбөлөндүрбөйт.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жалпы юрисдикциядагы сотторго карата жогору турган инстанция болуп саналбай тургандыгын жана ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү жол-жобосунан тышкары алардын чечимдерин кайра кароо, конкреттүү иштер боюнча далилдерге баа берүү же калыптанган соттук практиканы түзөтүү ыйгарым укуктары берилбегендигин баса белгилеген.

Жогору баяндалгандардын негизинде, судьялар коллегиясы кайрылууда келтирилген жүйөлөр Мыйзамдын талаштуу элементтери менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ортосунда карама-каршылыктын бар экендигин тастыктаган жетиштүү укуктук аргументтерди камтыбайт деген тыянакка келген.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамасы менен макул болбостон, Т.А.Исмаилова жана Б.Т. Борубаева 2026-жылдын 2-февралында даттануу менен кайрылышкан, анда кабыл алынган чечимди кайра кароону жана алардын кайрылуусун маңызы боюнча кароого кабыл алууну суранышкан.

Өз даттануусунда арыз ээлери судьялар коллегиясынын аныктамасы, алардын пикири боюнча, негизсиз жана “Кыргыз Республикасынын

Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын (мындан ары – конституциялык Мыйзам) ченемдерин бузуу менен кабыл алынган деп көрсөтүшкөн. Атап айтканда, арыз ээлеринин пикири боюнча, судьялар коллегиясы алдын ала кароо стадиясында кайрылуудагы жүйөлөрдүн "ынанымдуулугуна" баа берүү менен иш жүзүндө процессуалдык ыйгарым укуктардын чегинен чыккан, муну менен атаандаштык шарттарында соттун толук курамы тарабынан каралууга тийиш болгон маселени алдын ала маңызы боюнча чечкен. Ошондой эле, алардын пикири боюнча, судьялар коллегиясы алардын жүйөлөрү айрым сөздөрдү лингвистикалык чечмелөөгө гана негизделген жана Мыйзамдын талашылып жаткан жоболорунун ченемдик мазмунуна тиешеси жок деген тыянакка негизсиз келген.

Арыз ээлери өз даттануусунда талаш-тартыштын предмети тексттин лингвистикалык өзгөчөлүктөрү эмес, "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын 14, 15-беренелеринин конкреттүү ченемдик мүчүлүштүктөрү болгондугун баса белгилешет, алардын ырастоосу боюнча, бул Мыйзамда каралбаган жол-жоболор жана негиздер боюнча белгисиз мезгил аралыгында кайсы бир аймактагы ар кандай чогулуштарга карата келечекте жалпы тыюу салууга, ошондой эле аларды чектөө жана тыюу салуу үчүн негиздердин толук эмес тизмесине жол берет. Талашылып жаткан ченемдердин мындай мааниси арыз ээлеринин субъективдүү корутундусу болуп саналбайт, бул ченемдердин конституциялуулугун текшерүүдө Конституциялык сот тарабынан эске алынууга тийиш болгон калыптанган соттук практика менен тастыкталат.

Мындан тышкары, арыз ээлеринин жүйөлөрү субъективдүү тилдик интерпретациялоого гана негизделген деген судьялар коллегиясынын тыянагын арыз ээлери негизсиз деп эсептешет. Алардын пикири боюнча, кайрылууда талашылып жаткан укуктук ченемдердин элементтери иш жүзүндө тынч чогулуштарды чектөө же тыюу салуу жөнүндө чечимдерди кабыл алууда колдонулаарын күбөлөндүргөн укук колдонуу практикасынын конкреттүү мисалдарын келтиришкен.

Арыз ээлеринин пикири боюнча, алардын жүйөлөрү конституциялык сот өндүрүшүн козгоо үчүн жетиштүү укуктук аргументтерди камтыбайт деген судьялар коллегиясынын тыянагы алардын кайрылуусунун мазмунуна дал келбейт. Алар койгон маселе жалпы юрисдикциядагы соттордун чечимдерин кайра кароону эмес, укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугуна тиешелүү, андыктан конституциялык сот өндүрүшүнүн тартибинде кароого жатат деп эсептешет.

Жогору баяндалгандардын негизинде, арыз ээлери судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө 2026-жылдын 19-январындагы аныктамасын жокко чыгарууну, алардын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алууну жана Конституциялык сот тарабынан ушул даттанууну кароодо алардын, ошондой эле алардын өкүлү Т.Дж. Арыковдун катышуусун камсыз кылууну суранышат.

Конституциялык сот арыз ээлеринин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкү тыянакка келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамга ылайык конституциялык контролдоо органына кайрылуу формага, мазмунуна, субъекттик курамга жана берүү тартибине карата белгиленген талаптарга жооп берүүгө тийиш (4, 19-28-беренелер). Көрсөтүлгөн талаптар адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуу коргоонун кепилдиги катары демилгеленүүчү конституциялык өндүрүштүн негиздүүлүгүн камсыз кылууга багытталган.

Кайрылуунун мазмунуна карата милдеттүү шарттардын бири арыз ээсинин өзү койгон маселе боюнча позициясын жана анын Конституциянын ченемдери менен тутумдук байланыштагы укуктук негиздемесин берүү болуп саналат, ал талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунда күмөндүүлүк бар экендигин айкын далилдейт (конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 8, 9-пункттары). Бул шарттарды сактоо ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук

презумпциясынан келип чыгат жана конституциялык юстициянын ишинин негизи болуп саналат.

2. Конституциянын 97-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 4-беренесине ылайык конституциялык контролдоонун предмети ченемдик укуктук актылардын, алардын айрым жоболорунун же түзүмдүк элементтеринин Конституцияга шайкештигин текшерүү болуп саналат. Муну менен бирге ченемдик укуктук актылардын айрым түзүмдүк элементтери катары сөздөр, сөз айкаштары жана башка тилдик конструкциялар болушу мүмкүн. Мында алар аркылуу укуктук мамилелердин катышуучуларынын укуктары менен милдеттеринин көлөмүнө же конституциялык жактан корголуучу укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруу шарттарына таасир этүүчү укуктук жөнгө салуунун ченемдик мазмуну билдирилет.

Кайрылуунун субъекттери тарабынан ченемдик укуктук актынын мындай түзүмдүк элементтери талашылган учурда, судьялар коллегиясы кайрылуунун конституциялык сот өндүрүшүнө жол бериле тургандыгы жөнүндө маселени чечүүдө алардын ченемдик маанисин жана укук колдонуу практикасына таасир этүүгө жөндөмдүү өз алдынча жөнгө салуучу мазмунга ээ экендигин аныктоого милдеттүү. Бирок, ченемдик контролдун алкагында алдарды талашуу мүмкүнчүлүгү өзүнчө алганда арыз ээсин ченемди колдонуунун натыйжасында келип чыгуучу конституциялык-укуктук белгисиздиктин бар экендигин тийиштүү түрдө негиздөө милдетинен бошотпойт.

Ушундан улам, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүүдө судьялар коллегиясы арыз ээлеринин жүйөлөрүнө укуктук баа берүүгө укуктуу эле эмес, ошондой эле милдеттүү өз аныктамасында талашылып жаткан түзүмдүк элементтер ченемдик же башка мазмунга ээ экендигин жана алар конституциялык сот өндүрүшүнүн тартибинде ишти кароону талап кылуучу конституциялык жактан маанилүү белгисиздикти жараттыбы-жараткан жокпу көрсөтүшү керек.

3. Мыйзамдын талашылып жаткан жоболорунун маанилик мазмунун талдоодо судьялар коллегиясы тарабынан өзүнүн функционалдык ыйгарым укуктарынан ашып кеткен деген арыз ээлеринин жүйөлөрү боюнча Конституциялык сот төмөнкүлөрдү белгилейт.

Конституциялык сотко келип түшүүчү кайрылууларды алдын ала кароо жол-жобосу алардын мыйзам тарабынан белгиленген талаптарга ылайык келишин аныктоого жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздердин бар экендигин аныктоого багытталган. Ушуга байланыштуу судьялар коллегиясы кайрылуунун жол бериле тургандыгы жөнүндө маселени чечүүдө талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун мазмунун, анын ичинде Конституцияга мүмкүн болгон карама-каршылыктын белгилерин же конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди козгоого жөндөмдүү укуктук белгисиздиктин бар экендигин күбөлөндүргөн жагдайларды аныктоого багытталган концепциялык талдоону камтыган алдын ала текшерүүнү жүзөгө ашырууга укуктуу.

Бул стадияда жүзөгө ашырылуучу баалоо алдын алуучу гана мүнөзгө ээ жана маселени маңызы боюнча чечүүнү болжолдобойт. Мындай баалоо кабыл алынган процессуалдык чечимдин жүйөлөштүрүлгөн түшүндүрмөсү катары чыгат жана ишти маңызы боюнча кароо үчүн өбөлгөлөрдүн бар же жок экендиги жөнүндө тыянак чыгаруу максаттарына кызмат кылат.

Ушуга байланыштуу, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууну жүйөлөштүрүүдө судьялар коллегиясы талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун мазмунунун кыскача талдоосун баяндоого укуктуу, мында анын жалпы ченемдик маанисин аныктоо жана арыз ээлеринин жүйөлөрүнүн белгиленген жол берилүүчүлүк талаптарга шайкештигин баалоо менен чектелет. Мындай талдоо конституциялык-укуктук маселенин маңызын козгобойт жана талашылып жаткан жоболордун Конституцияга шайкештиги же шайкеш эместиги жөнүндөгү жыйынтыктоочу тыянакты алдын ала чечпейт.

Андыктан, судьялар коллегиясынын Мыйзамдын талашылып жаткан жоболорунун маани-маңызын кыскача талдоосун аныктамада баяндоо аракеттери алардын ыйгарым укуктарынын чегинен чыкпайт жана кайрылууларды алдын ала текшерүү стадиясынын процессуалдык мүнөзүнө туура келет. Мындай аракеттер конституциялык контролдоо механизминин талаптагыдай иштөөсүн камсыз кылууга багытталган жана ишти маңызы боюнча кароону алмаштыруу катары каралышы мүмкүн эмес.

4. “Тынч чогулуштар жөнүндө” Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүндөгү экинчи “жана” байламтасынын укуктук аныксыздыгы жөнүндө жүйө боюнча. Мыйзамдын 14-беренесинин көрсөтүлгөн бөлүгүндөгү ченем ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өткөрүлүп жаткан чогулушка карата гана жана Мыйзамда каралган негиздер бар болгондо чектөө (өткөрүү убактысы, өткөрүү орду же кыймылынын каттамы боюнча) же тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алуу ыйгарым укугун карайт. Муну менен бирге мындай чечимдердин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү ал чыгарылган күндөн тартып 24 сааттын ичинде сот тарабынан каралууга жатат.

Арыз ээлери шилтеме кылган экинчи “жана” байламтасы” аталган ченемде эки өз ара байланышкан жагдайды бириктирүүчү байланыштыруучу элемент катары колдонулат – ыйгарым укуктуу органдын тынч чогулушту чектөө же тыюу салуу боюнча аракеттери жана Мыйзамда каралган аларды чектөөнүн же тыюу салуунун негиздери. Ошол эле учурда, экинчи жагдай анын бланкеттик мүнөзүнөн улам Мыйзамдын 4-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме кылат, анда тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салуучу негиздердин тизмеси камтылган.

Бир ченемдин көрсөтүлгөн эки бөлүгүн системалык чечмелөө аларды тыгыз системалык өз ара байланышта колдонуу зарылдыгын көрсөтөт, анткени алар укуктук көрсөтмөнүн бүтүн мазмунун билдирген бирдиктүү ченемдик сөз айкашын түзөт. Бирдиктүү ченемдин мааниси альтернативдүү

чечмелөөнү болжолдобойт жана өз алдынча укуктук конструкцияларды түзбөйт.

Демек, Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүндө экинчи "жана" байламтасынын болушу ченемди системалык чечмелөөдө конституциялык-укуктук аныксыздыкты түзбөйт.

5. Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгүндө камтылган "төмөнкүлөрдү" сөзүнүн маанисинин конституциялык эместиги жөнүндө арыз ээлеринин жүйөлөрүнө карата Конституциялык сот ченемдин укуктук аныктыгында күмөн саноо келип чыкканда аны чечмелөө ченемдик укуктук актынын тилдик версияларын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын бардык ченемдик укуктук актылары кабыл алынуучу мамлекеттик тилдеги текст менен милдеттүү түрдө өз ара байланышта жүргүзүлүшү керек деген негизге таянат.

Тексттерди мындай салыштыруу укуктук жөнгө салуунун анык ченемдик маанисин аныктоо үчүн зарыл, анткени дал мамлекеттик тилдеги текст мыйзамдар тарабынан мыйзам чыгаруу эркинин баштапкы жана аныктоочу көрүнүшү катары каралат жана расмий тилдеги текст менен айырма болгон учурда түп нуска катары таанылат.

Мындан тышкары, мыйзамдын тилдик версияларын салыштыруу аларды тутумдук жана өз ара байланышта чечмелөө аркылуу жетишилиши керек, бул укуктук көрсөтмөнүн бирдиктүү ченемдик мазмунун, анын максаттарын жана укуктук жөнгө салуу системасындагы ордун аныктоо зарылдыгына негизделет. Мындай ыкма укук коргоо практикасында тактыкты, алдын ала айтууга мүмкүндүктү жана бир түрдүүлүктү болжолдогон укуктук аныктык принцибинин талаптарына жооп берет.

Мамлекеттик тилдеги тексттеги "төмөнкүлөрдү" деген сөз колдонулган талашылып жаткан ченемдин мазмунунан белгилүү болгондой, чогулушка тыюу салуу жөнүндө чечим чогулуш укукка каршы максаттарды, төмөнкүлөрдү көздөгөн учурларда кабыл алынышы мүмкүн: 1) согушту пропагандалаганда; 2) басмырлоону, кастыкты же зомбулукту шыкактоо

болуп эсептелген этностук, расалык же диний жек көрүү, гендердик жана башка социалдык артыкчылык пайдасына жактап чыгууларда; 3) улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга чакырганда; 4) тынч чогулушту үзгүлтүккө учуратуу максатында башка каршы чогулуш өткөрүүдө.

Бул ченемдин мамлекеттик тилдеги текстин талдоо, тийиштүү жобо тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн негиздердин толук тизмеси камтыгандыгын далилдейт жана кеңири чечмелөө мүмкүнчүлүгүн болжобойт. Бул контекстте “төмөнкүлөрдү” деген сөздү колдонуу негиздердин ачык тизмесин түзүү үчүн эмес, тескерисинче, мыйзам чыгаруучу чогулушка тыюу салуунун негиздерине түздөн-түз таандык кылган укукка каршы максаттарды тизмектөөнүн тилдик каражаты катары кызмат кылат.

Демек, каралып жаткан ченем анын тутумдук жана өз ара байланышкан чечмелөөсүндө тынч чогулуштарды өткөрүү укугун чектөө шарттарына карата аныксыздыкты камтыбайт жана укук колдонуучу органдарга тиешелүү негиздердин мыйзам тарабынан белгиленген тизмесин өзүм билемдик менен кеңейтүү үчүн дискрецияны бербейт.

Ошентип, “төмөнкүлөрдү” деген сөздү колдонуу укуктук аныксыздыкты түзөт жана тынч чогулуштарды тыюу салуу үчүн негиздердин тизмесин өзүм билемдик менен кеңейтүүгө жол берет деген арыз ээлеринин жүйөлөрү талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун мазмуну менен тастыкталбайт.

6. Арыз ээлери ошондой айрым соттук чечимдерге шилтеме жасашып, калыптанган укук колдонуу практикасы Мыйзамдын талашылып жаткан жоболорунун конституциялык эместигин көрсөтүп турат деп эсептешет.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот өзүнүн конституциялык бекитилген ыйгарым укуктарына ылайык, конкреттүү иштер боюнча сот чечимдерин кайра кароону эмес, ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун көзөмөлдөй тургандыгын белгилейт. Конституциялык

сот тарабынан укук колдонуу практикасын баалоо, укуктук жөнгө салуунун ченемдик мазмунун аныктоо үчүн зарыл болгон өлчөмдө гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

Конституциялык сот соттук практиканын конституциялуулугун өз алдынча баалоо же укуктук жөнгө салуунун өзүн текшерүүдөн тышкары жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан мыйзамдын туура колдонулушун текшерүүгө ыйгарым укуктуу эмес.

7. Арыз ээлеринин даттануусун арыз ээлеринин милдеттүү түрдө катышуусу менен оозеки угуу аркылуу кароо жол-жобосу боюнча кароо жөнүндө өтүнүчүнө байланыштуу Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшүндө кайрылуунун жол берилиши жөнүндө маселени кароо стадиясында, анын ичинде анын актысына даттануу стадиясында судьялар коллегиясынын тыянактарына баа берүүдө, кайрылуунун субъекттери сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын статусуна ээ болбой тургандыгын жана алардын Конституциялык соттун отурумуна катышуу өтүнүчтөрү жана талаптары эске алынбай тургандыгын белгилейт. Кайрылууда жана даттанууда коюлган маселелердин маңызына таянып, Конституциялык сот оозеки соттук угуу жол-жобосу боюнча отурум өткөрүү зарылдыгын тапкан жок.

Жогору баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л Д Ы:**

1. Толекан Асаналиевна Исмаилованын жана Бермет Темиркуловна Борубаеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 19-январындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Ушул Токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**